С. Нааматов атындагы университеттин миссиясы – Нарын облусунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө сапаттуу билим берүү жана илимий жетишкендиктер аркылуу салым кошуу.

Көрүнүшү. Нарын мамлекеттик университети С. Нааматов атындагы (НМУ) – регион боюнча тиешелүү инфраструктурага ээ болгон жогорку окуу жай, труд базарында атаандаштыкка жөндөмдүү, жогорку билимдүү адистерди даярдоону камсыз кылган университет, стратегиялық максаты: «Нарын облусу үчүн зарыл жана жетиштүү сандагы жогорку билимдүү жана суроо-талаптагы адистерди, илимий-педагогикалык кадрларды даярдоонун сапатын жогорулатуу, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу, билим берүү жана илимдин маанилүү багыттары боюнча фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөрдү өнүктүрүү».

2030-жылга чейин С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети академиялык жана илимий лидерлик боюнча алдыңкы регионалдык борборго айланып, эл аралык билим берүү мейкиндигине интеграцияланып, адистерди даярдоонун жогорку сапатын жана инновацияларды өнүктүрүүнү камсыз кылат.